УДК 808.1:37.0
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-6-131-135

# ИДЕИ НРАВСТВЕННОГО И ДУХОВНОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ В ТВОРЧЕСТВЕ ШУКУРБЕКА БЕЙШЕНАЛИЕВА

***С.С. Сакиева, М.М. Асаналиева***

*Аннотация.* Если перечитать и проанализировать творческое наследие Шукурбека Бейшеналиева, одного из лучших кыргызских детских писателей, признанного мастера рассказов и повестей для детей, то можно заметить, что он владеет особыми секретами раскрытия образов. В его произведениях внутренний мир ребёнка, черты характера, его взросление как личности формируются под сильным влиянием взрослых, имеющих большой жизненный опыт, когда в условиях конкуренции с представителями старшего поколения наступает зрелость, крепнет его воля. Такие мотивы лежат в основе практически всех произведений автора, посвящённых детям. Кроме того, необходимо отметить высокий уровень авторской культуры и особый лиризм его рассказов. Работы Ш. Бейшеналиева также имеют большое методологическое значение, так как писатель отличается от художника тем, что он затрагивает не только духовные и социальные, но и материальные потребности детей, которые могут иметь решающее значение в период их взросления и становления как личности.

*Ключевые слова:* мотив; литература; художественные средства; духовное воспитание; писатель.

# ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВДИН БӨБӨКТӨРГӨ АРНАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АДЕП-АХЛАКТЫК, РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮ ИДЕЯЛАРЫ

***С.С. Сакиева, М.М. Асаналиева***

*Аннотация.* Бул макалада кыргыз балдар жазуучуларынын бири, айрыкча балдар үчүн мыкты аңгеме – повесть жазуунун устаты катары Шүкүрбек Бейшеналиевдин чыгармачылык мурастарын кайрадан окуп талдасак, башкача нукта көрүнүп, катылган сырлары кайра башка өңүттө ачылып олтурганын баамдоого болот. Анын чыгармаларындагы бала жана анын жан дүйнөсү, адам болуп жетилүүсү, анын жетилүүсүнө өбөк болор улуу адамдар, тагыраак айтканда, турмуштук чоң тажрыйбанын ээси – чоң адамдардын балага атаандаш болгон жана анын жетилүүсүнө, эркинин курчушуна таасир эткен күчтүү каармандардын тактыгы. Мындай мотивдер автордун балдарга арналган дээрлик бардык чыгармаларында өзөк болуп берилгендигин аныктоодо турат. Бул жазуучунун маданиятынын жогорку деңгээлде жана көркөм каражаттар менен лиризмдин күчтүүлүгүндө экендигин белгилөөгө болот. Ш. Бейшеналиевдин чыгармаларын методологиялык жактан изилдөөгө алуу өтө чоң мааниге ээ. Анткени жазуучу балдардагы руханий жана социалдык, ошондой эле материалдык муктаждыктарга сүрөтчү сыяктуу үңүлүп киргендиги менен айырмалангандыгын аныктоодо турат. Мына ошол өлчөм ага негизги өбөлгөлөр гана эмес, чечүүчү факторлордон болуп кызмат кылынары жөнүндө кеп болот.

*Түйүндүү сөздөр:* мотив; адабият; көркөм каражаттар; руханий тарбия; жазуучу.

# IDEAS OF MORAL AND SPIRITUAL EDUCATION IN THE WORKS OF SHUKURBEK BEISHENALIEV FOR CHILDREN

***S.S. Sakieva, M.M. Asanalieva***

*Abstract.* If you re-read and analyze the creative legacy of Shukurbek Beishenaliev as one of the best Kyrgyz children's writers, especially the master of writing short stories and novellas for children, you will notice that his secrets are revealed in a completely different light. In his works, the child and his inner world, his growing up as a person, his growing up as great people, or rather, the owners of great life experience - the certainty of strong adult characters competing with the child and influencing his maturity, the aggravation of his will. Such motives underlie almost all of the author's works dedicated to children. It is possible to note the high level of the author's culture and the power of lyricism

in artistic means. Works of Sh. Beishenalieva are also of great methodological importance, because a writer differs from an artist in that he is immersed in the spiritual and social, as well as material needs of children, which can be crucial in the period of their growing up and becoming a person.

*Keywords:* motive; literature; artistic means; spiritual education; writer.

Бөбөктөргө айлана-чөйрөдөгүлөрдүн баары укмуш кызыктуу. Башкалар көңүлгө албаган нерселерди акын бөбөктөрдүн көзү менен баамдап, бөбөктөрдүн тили менен көркөм чагылдырып, кичинекей угармандарын кызыктырып жүрүп отурат. Берер ой-кеңеши, таалим-тарбия калтырар сабагы, өрнөктүү көрсөтмөлөрү бөбөктөрдүн сезиминде уюп калуусун көздөйт.

Балдар өздөрүнүн таза, назик сезимталдуулугу, арам ойсуздугу жана ийкемдүү баёолугу менен айырмалангандыгы чын. Ошондуктан бала канчалык жаш болсо, ошончолук аруу, акыйкатчыл, бетке чабар келет.

Ушул ойду тастыктап В.Г. Белинский мындайча жазган: «Бала канчалык жаш болсо, аны адептүү жорук-жосундарга үйрөтүү ошончолук жеңил болот. Жакшы салттарга таянуу менен наристе баланы асыл сезимдерге, шыкка жана жакшы адаттарга окутуу эмес көнүктүрүү гана зарыл» [1, 17-б.].

Мектеп жашына чейинки бөбөктөрдү эпикалык жанрдын башкы каарманына чейин көтөрүп, анын аң-сезимине жана жасаган ишине чоң адамдардын ишеничин жаратуу 60-жылдарга чейинки кыргыз балдар повестинде учураган эместиги адабий булактарда жазылып келет.

М. Горькийдин: «Балдар арасында алардын акыл-эсине жумшак жана назик таасир берип, күттүрбөй жетип келип багытка салып коё турган балдар жазуучулары болушу аябай зарыл», – деп айтканын эске алганда, сөз болуп жаткан балдар жазуучусун атоого болот [1, 22-б.].

Ш. Бейшеналиев кыргыз балдар адабиятындагы реалистик прозаны өнүктүрүүчүлөрдүн жана негиздөөчүлөрдүн бири катары бул көйгөйлөрдү өтө эле жандандырган. Анын «Табышмакчы Чынара», «Ак тайлак», «Мүйүздүү козу», «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөк», «Карлыгач» аңгемелери бөбөктөрдүн жашоо кумары менен кызыгуу чөйрөсүн иликтеп, кайрадан алардын өздөрүнө тартууланган маанилүү чыгармалар деп атоого болот. Балдарга арналган көркөм чыгармаларындагы ар бир сүйлөм же сөз айкашынан сүрөттүү баян жаралышы күтүлөт – ал сүрөттү бала өз ыктыяры менен кабыл алат.

Кыргыз балдар жазуучуларынын илимий-теориялык, методикалык жактан талдоого алган М. Сулайманов, М. Түлөгабылов, С. Рысбаев, А. Муратов, М. Рахимова, А. Алимбеков, К. Исаковдор Ш. Бейшеналиевдин чыгармалары өзгөчө курак жашын эске алуу менен жазылгандыгын баса белгилеп, авторду психолог-жазуучу экендигин белгилеп келишет.

Жазуучунун алгачкы чыгармаларындагы каармандардын ички дүйнө сезим кагылыштарын психологиялык жагдайдан жеткилең иликтегенге, эстетикалык ишенимдүү талдаганга караганда, башкача айтканда, иш үстүндө чагылтуу, сыпаттап баяндоо, жасалгалап сүрөттөө кантсе да күчтүүлүк басымдуулук кылган. Окуялардын ички логикалык ырааттуулугу бекем кынаптап өнүктүрүлгөн композициянын түрмөктөрү да повесттин идеялык-руханий тарбиялык маанисин, көркөм эстетикалык баалуулугун бөбөктөрдүн аңдап туюнуусуна жеткидей болуп жазылган. Анын мектеп жашына чейинки, наристе балдардын ички жан дүйнөсүнө жакын Ата Мекенибиздин кооз табияты, элибиздин адеп-салты, рухий эрежелери, улуу-кичүүлөрдүн үлгүлөрү, алардын карым-катнашы жөнүндөгү маанилүү этикалык аңгемелерди баяндагандыгы.

Ш. Бейшеналиевдин чыгармаларынын баары эле Н.А. Добролюбовдун «балдарга арналган китептердин тарбиялык милдети баланын өз алдынчалыгын жана анын турпатындагы болгон бардык руханий күчүн толук жана туура ачуу болуп эсептелет. Алардын барактарында жадатма насааттар, сандырак куру кыялдар тантырак чеченсинүүлөр болбостон, дүйнө турмуш жана адам жөнүндөгү оң кабарлар берилиши керек» деген бөбөктөр чыгармалары жөнүндөгү таамай айтылган сөздөрүн тастыктап тургандай ойду камтыйт [2, 69-б.].

Жаш баланы дал ушул салттарга көнүктүрүү үчүн көркөм чыгармадагы каармандардын жоруктары оң таасир берет. Анткени

өзүнө жаккан каармандарынын жоруктарын сөз менен сүрөттөп айтып берүү наристе үчүн «окутуу эмес, көнүгүүгө» айланып, анын өзү образдуу-логикалуу ойлоого өтүүнүн өткөөл шартын түзүп калат. Буга Ш. Бейшеналиевдин «Табышмакчы Чынара» аңгемесинин идеялык мотиви мисал боло алат.

К. Миңбаев, А. Закировдордун эмгегинде «мотив» түшүнүгү төмөнкүчө аныкталат: «Мотив – адамды иш-аракетке ниеттендирген, керектөөнү канааттандырууга багытталган личносттун аракеттери» [3, 58-б.].

Г.Н. Волковдун божомолунда: «Табышмактар акылга ылайыкталган, поэтикасы жогору, көбү нравалык идеяларды алып жүрөт. Ошого ылайык алар акыл-эс, эстетикалык жана нравалык тарбиялоого таасирин тийгизет», – деп баса белгилеп айтканы бар [4, 80-б.].

«Табышмакчы Чынара» чыгармасындагы көтөргөн көйгөйлөрү убакыт таразалап тургандай, түбөлүктүү. Шаардын тарбиясында өскөн беш жашар Чынара чоң энесине карата тынымсыз берилген суроолору, шаар ичине жасаган сейили, алардын кезектеги кагылышы, чоң эненин өз кемчиликтерин сезүү менен өмүрдү жемелөөгө болгон аракети – бул үч сценанын баары тең жаш баланын чыгармачылык ишмерчилигине багытталгандыгы. Чынарага табышмактан сонун эч нерсе жоктой сезилет. Анткени жаш каармандардын алардын тегерекчөйрөлөрүндөгү жыш окуялар, курчап турган сан түркүн заттар, кубулуштар, табият сырлары кызыктырып өзүнө тартса, Чынараны көркөм сөз өнөрү, башкача айтканда, «ой кураштыруу» көркөм чыгармачылык түйшүгү кызыктырат. Ой сыйымдуулугу артуу менен жаш баланын чыгармачылык ишмерчилигине табышмактан сонун эч нерсе жоктой сезилет. Чынара көркөм сөз чыгармачылыгын күндөлүк турмуш фактыларынан эле курaштырып отуруп табышмактарды жаратып, ойлоп табуусу күн санап өсүп отуруп «Табышмакчы Чынарага» айланышы мына ушунда.

А. Муратов, К. Исаковдордун эмгектеринде: «Жаш муундун кеп маданиятын калыптоодо, сөздүк составынын лексикалык жактан байытууда, сөздү сөз менен курaштырып, рифмалашып, ритмге салып ой берүүдө да табышмактар эл турмушунда, элдик педагогикада олуттуу мааниге ээ болгон», – деп жазышат [5, 102-б.].

«Мүйүздүү козу» көптөгөн дүйнө тилдерине которулуп, кыргыз балдар адабиятынын бүгүнкү өсүүсүн көрсөтүп турган чыгарма. Андагы окуялардын ички логикалык ырааттуулугу бекем кынаптап өнүктүрүлгөн композициянын түрмөктөрү, идеялык-тарбиялык маанисин, көркөм-эстетикалык баалуулугун бөбөктөрдүн аңдап туюнуусуна жеткидей болуп курулган. Тарбия иши кыйын, ыйык экендигин, аны менен тагдырлар чечиле тургандыгын дагы бир ирет көркөм образдардын системасы аркылуу жеткиликтүү туюндуруп койгон. Чыгарманын акырында Азиз: «...мындан кийин козуну сүзөнөөк кылып үйрөтпөйм», – деп, жаңылышын мойнуна алды жана ал ата жолуна түшүүдөн, «ата кесибин улантуудан коркпойм», – деп кесе айтты. Бул турмуш сабагындагы чындыктын бузулбаган, жасалмаланбаган объективдүү тууралыгы. Балдардын өз чыгармачылык жөндөмүн ачууга жана алардын көркөм-эстетикалык табитин өстүрүп турууга шарт түзөт.

Ш. Бейшеналиев бул чыгармасы аркылуу Н.А. Чернышевскийдин: «Чындыкты жалган жеринен айыңдап, өз атыңардан кооздоп бурмалабагыла, аны (чындыкты) бардык сонундугу, бардык кыйынчылыгы менен кандай болсо да так өзүндөгүдөй ачык көрсөткүлө, балдар андан көңүлү калбай, ар кандай тоскоолдукка каршы күрөшкө көнүгүп, чындыктан өзүнө таяныч таап алгыдай болсун. Турмуштун жыргалдыгы да жалгыз гана чындыкта», – деп жазылган кеңешине жооп катары калтырган деп айтууга болот [6].

Чындыгында, ушундай тереңдиги, реалдуулугу менен дүйнөлүк масштабтагы адабий аренанын туу чокусунан көрүнөт деп айтууга болот. Анткени бөбөктөрдүн жан дүйнөсүн ар кандай терс көрүнүштөрдөн арылтып, тазалап, аларды адамгерчиликке чакырып жаткан чыгармадагы руханий, адеп-ахлактык тарбиянын көркөм эстетикалык баалуулугу ушунда.

Чыгарма жаратууда жеткинчектердин психологиясын жакшы билгендиктен, поэтикалык тилди жана көркөм образдуулукту ачып бере алгандыгы үчүн Н.Г. Чернышевскийдин: «Балдардын ой жоруусу тайкы, акыл-эси да жетик эмес

деп ойлойбуз. О, бул такыр туура эмес. Болгону алар тажрыйбасыз гана. Балдар учкул кыял, сезимтал жана акылы да жетик келишет, буларга ишене бергиле», – деп айтканын далилдей алат [6, 17-б.].

Чыныгы көркөм чыгарма балдарды өзүнүн күчүнө ишендирип, турмуштан таяныч таап алууну тарбиялай тургандыгы белгилүү. Ал өзү да «балдарды өз келечеги үчүн күрөшүүгө даярдоо керек. Эгер кичинекейлерге өзүнө болгон ишенимчти, сыймыктана билүү сезимин сиңирсең, ал турмуш башатындагы ар кандай оорчулукту, татаалдыкты жеңип чыгат. Өзү үчүн тике турууга кудурет табат», дейт. Бул жазуучулук маданиятынын жогорку деңгээлде жана көркөм каражаттар менен лиризмдин күчтүүлүгүндө экендигин белгилөөгө болот.

Көрүнүктүү орус балдар жазуучусу С. Баруздин сөз болуп жаткан аңгемелердин көркөм таанымдык мааниси тууралуу сөз айтып, өз учурунда мындай деп жазган: «Кыргыз адабиятында эң кичинекейлер үчүн реалисттик прозанын пайда боло баштапы жакшы жөрөлгө. Ал кыргыз балдары үчүн гана эмес, жалпы советтик балдар адабияты үчүн зарыл болуп жатат. Ата журту, анын географиясы, жаратылышы жөнүндө үйрөтүп, учу кыйырсыз кең мекени тууралуу жаркын элес берүүдө бул чыгармалар кыргыз окурмандарына караганда, орус окуучулары үчүн андан бетер зарыл болуп отурат» [6, 443-б.].

Адамзат тукум улагычы болгон перзенттерибизди тарбиялоонун бирден-бир каражаты болгон балдар адабияты, анын ичинде Ш. Бейшеналиевдин чыгармалары методологиялык жактан чоң мааниге ээ. Анткени жазуучу балдардагы руханий жана социалдык, ошондой эле материалдык муктаждыктарга сүрөтчү сыяктуу үңүлүп киргендиги менен айырмаланат. Мына ошол өлчөм ага негизги өбөлгөлөр гана эмес, чечүүчү психологиялык факторлордон болуп кызмат кылат. Сүрөткерлик чеберчилиги менен балдар жазуучусуна мүнөздүү жазуунун техникасынан, ошолорго ылайык келе турган көркөм каражаттардан пайдалануусу, балдар үчүн жанрлардын ичинен илимий фантазияга да көңүл бургандыгы чоң жетишкендик.

Анткени психология илиминде деп жазат К. Миңбаев, А. Закировдор «адамдардын жүрүм-турумун, иш-аракетин, коомго тийгизген таасирин, коомдогу ордун аныктоого мүмкүндүк берет жана табигый, маданий, материалдык жана «духовный» түрлөрү кездешет. Ошолордун ичинен духовный керектөөгө адамдардын өз ара карым-катнашы, пикир алышуусу рухий дөөлөттөргө китептер, газета-журналдар, искусство муктаждыгы кирет» [3, 57-б.].

Ар бир эмгекти жылдар, кылымдар болобу, учуру келгенде бааланып, баркталып кала берсе – бул тирүү инсандар үчүн чоң жетишкендик деп билебиз. Ушундай барктоо, замандын талабына жараша баалоо жагынан балдар адабиятындагы көрүнүктүү инсандардын бири, педагогика илимдеринин доктору, балдар жазуучусу С. Рысбаев жана К. Миңбаевалардын жазуучу жөнүндө өз эмгектеринде мындай деп жазганы бар: «Бир нерсени байкоо керек деп ойлойбуз: биринчиден, Ш. Бейшеналиевдин чыгармаларындагы бала жана анын жан дүйнөсү, адам болуп жетилүүсү, анын жетилүүсүнө өбөк болор улуу адамдар, тагыраак айтканда, турмуштук чоң тажрыйбанын ээси – чоң эне менен чоң ата, экинчиден, балага атаандаш болгон жана анын жетилүүсүнө, эркинин курчушуна таасир эткен күчтүү каарман. Мындай мотивдер Ш. Бейшеналиевдин балдарга арналган дээрлик бардык чыгармаларда өзөк болуп берилген» [7, 45-б.].

Азыркы шартта балдардын турмуш-тиричилиги өзгөргөнгө байланыштуу жаңы типтеги балдар чыгармалары жаралууга тийиш жана учурдун темасы менен идеяларын, жаңы тартип балдарына руханий негиз болгон психологиясын ачуу. Жаңы доордун демине шайкеш образдарды, алдыңкы сезимтал балдарды канааттандырарлык ачылмаларды жаратуубуз керек.

Балдарда жаңы пикир туудуртуп, келечек күндөр жөнүндө ойлонтуучу мезгилге, техниканын жетишкендиктери, билим кереметтери жөнүндө акыл-эс фантазиясын жазуу эң зарылдыгын көрөгөч кыргыз балдар акын-жазуучулары 30-жылдары эле таамай айтып коюшкан.

Илим жана техниканын өсүү жолунун жогорку басымда бара жаткан убакта, жаңы заман балдарынын ким болушу? кантип боло алары? тууралуу ойлонуу менен чыгарма жаратуунун үстүндө жакшы эле балдар акын-жазуучуларыбыз бар. Алар КРнын маданиятына эмгек

сиңирген ишмер, балдар жазуучусу Сулайман Рысбаев жана педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратов. Болгону алардын чыгармаларын калың журтка кабардар кылып, айрыкча мектепке чейинки бөбөк, наристе балдарга дагы да балдар чыгармаларын жаратууга үмүт артуу. Бирок бөбөктөрдөн баштап чоң адамдар да кызыгып окуп, тарбия ала турган маңыздуу чыгармаларды мезгил сыноосу менен айкалыштырып, балдар үчүн жаңылантып туруу милдет экендигин башкы планга коюулары талашсыз.

Тарбиялоочу ар бир өспүрүмгө ошол өтүлүп жаткан жазуучунун басып өткөн тарыхый жолун азыркы шарт менен байланыштырып, жеткиликтүү "чайнап" берүүсү абзел [8].

***Жыйынтыктар жана сунуштар:***

1. Илимий макаланын жыйынтыгында мектеп жашына чейинки балдар окуучу эмес угуучу болуп саналары белгилүү. Ошондуктан алар мектеп жашындагы балдардан кескин айырмаланышат. Айлана-чөйрөнү таанып-билүү жагынан алардын өзүнө гана таандык көрүү, сезүү жана кабыл алуу ыктары бар. Ш. Бейшеналиевдин мына ошонун негизинде бөбөктөр үчүн жараткан чыгармалары образдардын ачыктыгы менен тактыгында. Ошондуктан мезгилдин кайсыл гана убактысында болсун анын чыгармалары аркылуу руханий тарбия берүүгө карата каражат болуп калары анык.

2. Ш. Бейшеналиев бир эле куурактагы, бирок маданий деңгээли жагынан ар башка үйбүлөдө төрөлүп, ар башка шартта өскөн мектеп жашына чейинки балдардын өсүү законченемдерин изилдөө ишин ар бир чыгармаларында башкы маселе катары карагандыгында.

3. Жазуучунун бир эле чыгармасындагы Чынара жараткан табышмактардай учурда бөбөк курагындагы балдар эле эмес, улуу-кичүү муундар деле жарата албай чыгармачыл ойлонуу, сөз байлыгы жактан өсүү «оорусуна» кабылгандыгыбыз көйгөйлүү маселе. Мектеп жашына чейинки балдардын психологиясындагы урунттуу белгилерди эске алуу менен руханий тарбия берүүдө Ш. Бейшеналиевдин чыгармаларын окутууга карата негизги артыкчылыктар төмөнкүлөр:

- мектеп жашына чейинки балдардын тил маселеси, сөз байлыгы жана анын өсүп жетилиши;
- балдарда абстрактуу ой жүгүртүүгө караганда, конкреттүү-сүрөттүү ой жүгүртүүлөрү;
- образдуу кабыл алууга караганда, конкреттүү-көрсөтмөлүү көрүп жана тиктеп кабыл алуу аракеттери.

Поступила: 20.12.21; рецензирована: 04.01.22; принята: 17.01.22.

***Адабияттар***


1. *Сулайманов М.* Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы / М. Сулайманов. Жалал-Абад, 1992.
2. *Белинский В.Г.* О детской литературе и детском чтении / В.Г. Белинский, Н.Г. Чернышевский, Н.А. Добролюбов. М., 1954.
3. *Миңбаев К.* Психология / К. Миңбаев, А. Закиров. Ош, 2015.
4. *Волков Н.Г.* Этнопедагогика / Н.Г. Волков. М., 2000.
5. *Муратов А.* Кыргыз балдар адабияты / А. Муратов, К. Исаков. Бишкек, 2012.
6. *Түлөгабылов М.* Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы / М. Түлөгабылов. Бишкек, 1991.
7. *Рысбаев С.* Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар / С. Рысбаев, К. Миңбаева. Бишкек, 2015.
8. *Асаналиева М.* Духовное воспитание в творчестве детских писателей / М. Асаналиева // Вестник КРСУ. 2021. Т. 21. № 2.